| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>АК-ДӨБӨ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |
| Тилекмат айылы,<br>Асаналиева № 42 | факс 60201<br>тел. 60203 | село Тилекмат,<br>ул.Асаналиева № 42 |

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫНЫН

# ТОКТОМУ

16 – август 2022-жыл № 45 Тилекмат айылы

**Ак-Дөбө айыл аймагы боюнча көп жылдан бери иштетилбей турган жер тилкелерине инвестиция тартуу жөнүндө.**

Ак-Дөбө айыл аймагы боюнча көп жылдан бери иштетилбей турган жер тилкелерине инвестиция тартууда "Кыргыз Айыл Өнүктүрүү Инвестициялык Борбору" жоопкерчилиги чектелген коомунун генералдык директору Эрмек Карыпбаевдин жана Ак-Дөбө айылынын тургуну А.Сабырбаевдин Ак-Дөбө айылына кыш завод куруу боюнча сунуштарын угуп жана талкуулап Ак-Дөбө айылдык кенештин сессиясы токтом кылат:

1. "Кыргыз Айыл Өнүктүрүү Инвестициялык Борбору" жоопкерчилиги чектелген коомунун генералдык директору Эрмек Карыпбаевдин жана Ак-Дөбө айылынын тургуну А.Сабырбаевдин сунуштары колдоого алынсын.

2. Ак-Дөбө айыл аймагынын 949 контурундагы жайыт жерден жалпысынан 6 га жер тилкеси айыл өкмөтүнүн балансына алынып, трансформациядан өткөрүлсүн.

3. Айыл өкмөт тарабынан жер тилкеси ижарага берилсин. Ижара мөөнөтү келишимде каралсын. (5га жер өндүрүшкө, 1 га жер курулушка деп каралды).

4. Кыш заводунун жетекчиси болуп Ак-Дөбө айылынын тургуну Сабырбаев Ариф Сабырбаевич дайындалсын.

5. Токтомдун аткарылышы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы М.Б.Алиевке жана кыш заводунун жетекчиси А.Сабырбаевге жүктөлсүн.

**Төрагасы** **А.Тыныбеков**